***Дуйшеналиев Жумабек Сапаралиевич,***
***Кыргыз билим берүү академиясы,***
***ага илимий кызматкери, музыка таануучу,***
***Кыргыз Республикасы, Бишкек шаары,***
***e-mail: jumabek.djs@mail.ru***

## МУЗЫКА САБАГЫНДА ОКУУЧУЛАРДЫН ЧЫГАРМАЧЫЛЫГЫН АКТИВДЕШТИРҮҮ ЖӨНҮНДӨ

***Дуйшеналиев Жумабек Сапаралиевич,***
***музыковед, старший научный сотрудник,***
***Кыргызская академия образования,***
***Кыргызская Республика, город Бишкек,***
***e-mail: jumabek.djs@mail.ru***

## О РАЗВИТИИ ТВОРЧЕСТВА УЧАЩИХСЯ НА УРОКАХ МУЗЫКИ

***Duishenaliev Jumabek Saparalievich,***
***Music expert, Senior scientific officer,***
***Kyrgyz Academy of Education,***
***Kyrgyz Republic, Bishkek city,***
***e-mail: jumabek.djs@mail.ru***

## ABOUT THE DEVELOPMENT OF STUDENT CREATIVITY AT MUSIC LESSONS

***Аннотация:*** *Бул макалада музыка сабагында окуучулардын чыгармачылыгын активдештирүү боюнча окуучуларды изденүүчүлүк аркылуу окууга кызыктыруу, жекече кызыгууларына талдоо жүргүзүү, кызыктуу болгон темада билдирүүлөрдү даярдоо, уккан музыкалык чыгармасы жөнүндө сүрөт тартуу, музыкалык чыгармаларды өз алдынча же мугалим менен ансамблде аткаруу же жекече аткаруучулукту колдонуусу каралат.*

***Аннотация:*** *В этой статье рассматриваются следующее: как стимулировать творческие способности учащихся на уроках музыки, как мотивировать их к исследованию, анализировать свои личные интересы, подготовить сообщения по интересующим темам, нарисовать картину о музыкальном произведении, которое они слушают, исполнять музыку самостоятельно или в ансамбль с педагогом, либо сольное исполнение.*

***Annotation:*** *This article discusses how to stimulate the creativity of students in music lessons, how to motivate students to explore, analyze their personal interests, prepare messages on topics of interest, draw about a piece of music they are listening to, perform music on their own or in an ensemble with a teacher, or solo execution.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *чыгармачылык, активдештирүү, изденүүчүлүк, кызыктыруу, талдоо жүргүзүү, ансамбль, жеке аткаруу ж.б.*

***Ключевые слова:*** *творчество, активация, исследование, мотивация, анализ, ансамбль, сольное выступление и т. д.*

***Key words:*** *creativity, activation, exploration, motivation, analysis, ensemble, solo performance, etc.*

**Киришүү.** Азыркы этапта музыка предметинин предметтик стандарттынын талаптарын эске алуу менен, балдардын чыгармачылык жактан өнүгүүсү жана алардын өзүн-өзү ишке ашыруусу учурдун маанилүү талаптарынан болууда. Предметтик стандарттын талаптарынын контекстиндеги

негизги максат – экинчи муундун предметтик стандартындагы мектеп окуучуларына, инсандык, метапредметтик жана предметтик билим берүүнүн натыйжаларынын комплексин карап чыгуу зарыл болууда. Музыка сабагында кандай метапредметтик көндүмдөрдү калыптандырууга болот? Бул көндүмдөргө төмөнкүлөрдү кошсок болот. Алар: жашоодогу искусство кубулуштарын байкоо, алардын ар түрдүүлүгүн түшүнүү; маданий ар түрдүүлүккө багыт алуу, коомдун жашоосуна катышуу; максаттарды түшүнүү, чыгармачыл идеяларды ишке ашыруу жөндөмүн өздөштүрүү; логикалык аракеттерге даяр болуу; билим берүү иш-чараларын пландаштыруу, мониторинг жүргүзүү жана баалоо, алардын иш-аракеттерин оңдоо жөндөмү; кызматташуунун негизинде биргелешкен иш-чараларга катышуу; курчап турган дүйнөнү ар түрдүүлүгү менен кабыл алуу мүмкүнчүлүгү.

Макалада музыка сабагында окуучулардын чыгармачылыгын активдештирүү боюнча окуучуларды изденүүчүлүк аркылуу музыкалык билимге окууга кызыктыруу аракети жасалды.

**Изилдөөнүн мазмунун илимий жактан негиздөө.** Музыка сабагындагы чыгармачылык, окуучунун жалпы чыгармачыл өнүгүүсүнө өбөлгө түзөт. Бул өз кезегинде “...сезимталдуулукту, көркөм фантазияны, образдуу-ассоциативдик ой жүгүртүүнү тарбиялайт, эс тутумду, байкоону, интуицияны активдештирип, баланын ички дүйнөсүн...” [2. 38-б.] калыптандырат.

Музыкада же математикада, спортто же физикада, коомдук жумуштарда кандай гана көрүнүштө болбосун, мектепте музыкалык-эстетикалык тарбиялоонун эң маанилүү милдети – окуучулардын чыгармачылыгын өркүндөтүү. Анткени, чыгармачыл демилге бар жерде ар дайым убакытты жана күчтү үнөмдөө болот, ошол эле учурда натыйжа дагы жогорулайт.

Чыгармачылык дегенде эмнени түшүнөбүз? «…Чыгармачылык – бул сапаттуу жаңы нерсени жаратуучу, кайталанбагандыгы, оригиналдуулугу жана социалдык-тарыхый уникалдуулугу менен айырмаланган иш-аракет…» [1. 5-б.].

Демек, чыгармачылыктын баалуулугу, анын жыйынтыктоочу жагында гана эмес, чыгармачылык процессинин өзүндө дагы болот. Мунун бардыгы толугу менен музыкалык искусствого жана мектептеги музыка сабагына тиешелүү. Анткени, музыка сабагы окуучулардын чыгармачыл иш-аракетинин жемиштүү өнүгүшүнө өбөлгө түзө алат. Тагыраак айтканда окуучуларда кабыл алуу, композиция, аткаруу, импровизация, музыка жөнүндө ой жүгүртүү, ыргактык пластикалык интонациялоо жөндөмдүүлүктөрү өркүндөйт.

Музыка менен баарлашуу процессинде ийгиликтүү чыгармачылык иш-аракеттердин кандай жолдорун жана педагогикалык методдорун аныктай алабыз? Мында, чыгармачылык тапшырмалар өнүгүү мүнөзүндө болуп, билим, тарбия берүүгө салым кошушу үчүн, аларды көйгөйлүү формада колдонуу керек. Жоопторду жана иш-аракеттердин ыкмаларын өз алдынча издөө үчүн ыңгайлуу издөө кырдаалдарын түзүү маанилүү десек болот. Бирок, музыка жөнүндө окуучулар менен баарлашуу музыканын өзүн алмаштырбашы дагы маанилүү. Чыгармачылык тапшырмалар балдардын музыкалык ой жүгүртүүсүн калыптандырууга жардам берет. Изилдөөлөр көрсөткөндөй, башталгыч класстарда эле окуучлардын музыкалык ой жүгүртүүнүн калыптанышына мүнөздү, маанайды, динамиканы, фактуранын өзгөрүшүн сезүүгө жардам берген кыймыл-аракеттер жардам берет.

Көрүү көргөзмөлүүлүгү, угуу, кыймылдоо жана тийүү сезимдери менен айкалышып, балдарга музыкалык тилдин өзгөчөлүктөрү жөнүндө түшүнүк алууга жардам берет. Ошол эле учурда, “...талдоо, синтез сыяктуу ой жүгүртүү механизмдери иштейт жана балдардын образдуу сүйлөөсү...” [3. 77-б.] өнүгөт. Чыгармачылык тапшырмаларды аткарып жаткан учурда балада музыкалык жана музыкалык эмес идеялар пайда болуп элестетүү активдүү болот. Мисалы долбоорлоо методун карап көрөлү. Мында окуучулардын таанып билүү иш-аракети активдештирилет жана музыка сабагын чыныгы чыгармачыл процесстин айлануусуна жардам берет. “... Долбоорду ишке ашыруунун

жүрүшүндө мектеп окуучулары өз алдынча билим алууга, таанып билүү, изилдөө иш-аракеттеринде тажрыйба топтоого...” [4. 89-9-б] үйрөнүшөт. Окуучулар өз пикирлерин жана сезимдерин эркин айтууга үйрөнүшөт, ишке активдүү катышышат жана долбоорду ишке ашыруу үчүн жеке жоопкерчиликти сезишет.

Бул технологияны колдонуу сабакта практикалык багыт берүүгө, алардын оюн менен аракетенүүсүнө жана окутуунун чыгармачыл мүнөзүн түзүүгө мүмкүндүк берет. Мындай сабактарда ар бир бала демилгелүүлүктү жана өз алдынчалуулукту көрсөтөт, өзүнүн жөндөмүн эркин сезет, ал окуучунун чыгармачыл ой жүгүртүүсүн өркүндөтөт. Демек, музыка сабагында окуучулардын чыгармачылыгын көрсөтүү үчүн, сабактын максаты активдүү жана эмоционалдуу мүнөзгө багытталуусу зарыл экен. Аларга төмөнкү багыттарды кошсок болот:

- *окуучуларды изденүүчүлүк ишке кызыктыруу;* мында, окуучуларга төмөнкү-дөй тапшырмаларды берсек болот. Мисалы, апасынын, атасынын, чоӊ атасынын, чоӊ апасынын, досторунун, бир туугандарынын жакшы көргөн ырларын жыйнашат жана үйрөнүшөт. Үй шартында угуп же колдонуп келген музыкалык чыгармалардын топтомун интернет булактарынан издешет. 5-класстын окуучуларынан жогору карай, сабактын темасы боюнча кошумча материалдарды интернет булактарынан, массалык маалымат каражаттарынан, ноталык китептерден табышат. Окуучулар көрүнүктүү музыка ишмерлеринин, аткаруучулардын, актёрлор-дун кызыктуу болгон фото сүрөттөрүн, портреттерин таап келишет.
- *окуучулардын “Маданият күндөлү-гү” (ар бир окуучунун өздүк күндөгү болот) боюнча жекече кызыгууларына талдоо жүргүзүү*; мында, музыкалык чыгармаларга, театралдык спектаклдерге, сүрөт көргөз-мөлөргө, кино тасмаларга, искусство жөнүндөгү китептерге окуучулар өздөрүнүн сын-пикирлерин жазышат.
- *Окуучулар өздөрүнө кызыктуу болгон темада же сабактын фрагментинде клас-сташтары менен билдирүүлөрдү даярдоо;* мында, билдирүүлөрдү окуучулар мугалим менен биргеликте жүргүзүшөт.
- *Окуучулардан музыка сабагында уккан музыкалык чыгармасы тууралуу сүрөт тартууга тапшырма берүү;* бул учурда окуучулардан конкреттүү бир образды сүрөткө түшүрүү талап кылынбашы керек. Мисалы, “Кубанууну”, “Капаланууну”, “Кымкуутту”. Мында, “...балдардын чыгармачылыгы, көӊүл эргиткен, жандандыруучу, элестүү фантазиясы эркин болуусу...” [5, 9-б.] зарыл. Ошентип, окуучуларды үч топко бөлүп койсок да болот. Биринчи топ – музыканттар; экинчи топ – адабиятчылар; үчүнчү топ – живописчилер. Ушул үч топко, бир эле таманы берип, ошол теманын негизинде өздөрүнүн чыгармаларын жаратууга мүмкүнчүлүк берилет.
- *Окуучулар менен музыкалык чыгармаларды өз алдынча же мугалим менен ансамблде аткаруу;* мында, окуучулар комуз, чопо чоор, аса таяк, добулбас, темир ооз комуз, жыгач ооз комуз ж.б. кыргыз элдик музыкалык аспаптарды гана көрбөс-төн, алардын үндөрүнүн “жандуу” угулушу менен да таанышышат. Жыйынтыгында, мектептеги аспапта ойногон окуучулардын катышуулары менен аспаптык музыканын концертин берүүгө болот. Музыкалык чыгармаларды бий жана хореографиялык композициялар менен иллюстрациялап койсок да болот. Мисалы, “Оп майда”, “Селкинчек”, “Ак терек, көк терек” ырларынын музыкасында, алардын мазмунуна ылайыктап бий жана хореографиялык композицияларды, музыка сабагында элдик аспаптар темасын өтүп жатканда колдонот.
- *Окуучулар тарабынан жекече аткаруучулукту колдонуу;* мында, окуучулар костюмдардын, гримдиндин жардамы менен кандайдыр бир образды түзүшөт. Албетте, аткарылуучу чыгарма алдын ала угуучуларга жеткиликтүү болгондой болуп, сапаттуу даярдалышы зарыл. Мисалы, 1-класста К. Букалаевдин “Баканын ыры”, 2-класста Т. Казаковдун “Ак гүлдөр”, 3-класста элдик ырлардан “Ак терек, көк терек”, “Жарамазан” ж.б. Ошентип, аткаруу үчүн сабакта үйрөнүлгөн музыкалык чыгармаларды бириктирип, хор менен, класс менен бир-

геликте ата-энелерге концерт берүүнү сунуштайбыз.. Же, “Музыкалык ринг” формасында чыгарманы хор аткаруу менен эки класстын жарышын уюштурсак да болот.

**Жыйынтыгында.** Окуучунун музыкалык искусствонун конкреттүү чыгармалары менен таанышуудан келип чыккан эмоциялык абалын сыпаттап берүүгө болгон жөндөмдүүлүгү, түрдүү мезгилдердин, элдердин, ар кыл стилдеги, жанрдагы музыкалык искусствонун чыгармаларында аккумуляцияланган адептик идеалдарга баа берүү менен эмоциялык-баалуулук компетенттүүлүгү; – окуучунун окуп-үйрөнүп жаткан музыкалык чыгармалардын жанрдык негизин, стилдик өзгөчөлүктөрүн аныктоо болгон жөндөмдүүлүгү, музыкалык чыгармаларды салыштырууга жана классификациялоого, угуу аркылуу берилген бир же бир нече белгиси боюнча элдик, улуттук, дүйнөлүк классикалык музыкалык чыгармаларды аныктай билүү, чыгарманы талдоодо музыкалык түшүнүктөрдү колдонуу менен музыкалык образдар тууралуу ой пикирин айта билүү менен музыкалык-эстетикалык компетенттүүлүгү; – окуучунун музыкалык тилдин каражаттарын колдонуу аркылуу хордук жамаатта, жекече ырдоодо жана аткарууда интерпретациялоо менен аткаруучулук компетенттүүлүгү калыптанат.

Демек, музыка сабагында окуучулардын чыгармачылыгын активдештирүү дегенибиз – бул окуучуларды изденүүчүлүк ишке кызыктыруу, жекече кызыгууларына талдоо жүргүзүү, өздөрүнө кызыктуу болгон темада билдирүүлөрдү даярдоо, уккан музыкалык чыгармасы тууралуу сүрөт тартуу, музыкалык чыгармаларды өз алдынча же мугалим менен ансамблде аткаруу жана жекече аткаруучулукту колдонуу болот.

**Адабияттар:**


1. Интернет булагы. dic.academic.ru›
2. Воспитание ума и сердца. Книга для учителя. Просвещение, издание 1-ое, 1981, издание 2-ое, [Текст]. -1984. –38-б.
3. Сильвестров В. Дождаться музыки. Издательство “Дух и Литера”, [Текст]. 2010. – 77-б.
4. Мендыбаева М.М., Дюсембаева Т.К. Педагогическое проектирование: сущность, этапы, формы. (V международная научная конференция «Инновационные педагогические технологии» Казань) [Текст]. 2016. –89-91-б.
5. Дуйшеналиев Ж.С. Окуучуларга музыкалык билим берүүнүн зарылдыгынын себептери эмнеде? КББАнын Кабарлары. [Текст]. 2016. №1. – 9-б.


***Рецензиялаган:***
***Байгазиев С.О.***
***КББАнын академиги,***
***филология илимдеринин доктору, профессор***